
# Карантин жана мен




Автор: Мария Риаз

Сүрөтчү: Мария Риаз

Которгон: Асылгүл Токторбаева

# Карантин жана мен

Автор: Мария Риаз
Сүрөтчү: Мария Риаз
Которгон: Асылгүл Токторбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Карантин жана мен" (кыргыз тилинде), Асылгүл Токторбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Green in Quarantine* (англисче) чыгарманын негизинде, автору жана сүрөтчүсү Mariya Riaz. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2021 жылы CC-BY-NC-4.0.лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз. https://www.letsreadasia.org/book/d3c2c064-7e5d-405d-9e91-d50684d164d6?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Тоскоол болбой атаңа,
Тынч отур! – деп тыйышат
Карантинде атакем,
Үйдөн иштеп отурат.

– Сыртка чык! – деп азгырып,
Күн жаркырап нур чачат.
Сагынышкан досторум,
Оюнга качан чакырат?

Карантинде көпчүлүк,
Үйдөн чыкпай камалды.
Ыш-түтүндөн арылып,
Аба дагы тазарды.

Жымжырт болуп талаа-түз,
Жашыл килем жамынды.
Илимпоздор айткандай,
Озон катмар жаңырды.





Үйдөн чыкпай отуруп,
Таланттарды таптадык.
Ичке каткан шыктарды,
Бүт бөлүшүп баштадык!

Ырдап, бийлеп тартынбай,
Жазып жатам жарпымды.
Сүрөт тартып, ыр жазып,
Шык-өнөрүм артылды.

Бош убакыт карантинде көп болуп,
Үйдө болгон жумуштарды жасадык.
Буюмдардын сынгандарын бүт оңдоп,
Жыртылганды ыргытпастан жамадык.





Самын менен тазалыкка дос болуп,
Өзүбүздү микробдордон коргойлу.

Кучакташпай, аралыкты бек сактап,
Достор менен ынтымактуу ойнойлу.


Саламаттык сакчылары күнү-түн,
Эл дарылап, жаны тынбай иштешет.
Эмчи эже уктай элек канча түн,
Доктур байке үйүнө да келе элек.
Жалпы элдин алкыштарын алышар,
Кыйын күндөр өтүп кетсе тезирээк.






Үйдөн окуу көңүлдүү эле турбайбы,
Кыйын күндү үй-бүлөм менен жеңе алдым.
Ата, апа, бирге болуп сиздер менен,
Ар бир күндүн ыракатын сезе алдым!

Болбойт деген нерселерди болтурган,
Күндөрүмдү кызыктарга толтурган.
Ыраазымын, атам менен апама,
Жакшы көргөн иним Али, сага да!





Жөнсүз эле телефонду чукубай,
Карантинде көп нерсени үйрөндүм.
Жакшы адаттар көндүм болуп калсын деп,
Силерге да келип жатат үйрөткүм.

Мен ............жасадым.
Мен ........... түздүм\ойлоп таптым.
Мен .............................................ойгонуп жаттым\ойгондум.
*Мен .............................................уктадым.*
*Мен .................................................үйрөндүм.*
*Сен карантинде убактыңды кандай өткөрдүң?*
*Сүрөтүн тарт.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Мария Риаз
Сүрөтчү: Мария Риаз
Которгон: Асылгүл Токторбаева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- **2.1 деңгээли**
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли